# “Силерден ким болбосун уйкуга жаткан учурда шайтан желкесине үч түйүн түйөт. Ар бир түйүндү түйүп жатып "Алдыда узун түн бар, уктай бер деп түйгөн жерине урат

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: “Силерден ким болбосун уйкуга жаткан учурда шайтан желкесине үч түйүн түйөт. Ар бир түйүндү түйүп жатып "Алдыда узун түн бар, уктай бер деп түйгөн жерине урат. Эгер ал ойгонуп, Аллахты эстесе, түйүндөрдүн бири чечилет. Эгер даарат алса, экинчи түйүн чечилет. Эгер намаз окуса, акыркысы да чечилип, эртең менен сергек турат жана маанайы ачык жүрөт. А эгер андай кылбаса, маанайы жок, илең-салаң ойгонот”
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шайтандын абалы жана түнкү же багымдат намазына турууну каалаган адам менен болгон күрөшү тууралуу кабар берет. Мусулман киши уйкуга жатканда, шайтан анын желкесине үч түйүн түйөт. Ал түн ичинде ойгонуп, шайтандын азгырыгына карабай Аллахты зикир кылса, бир түйүн чечилет. Эгер даарат алса, экинчи түйүн чечилет. . Эгер туруп намаз окуса, үчүнчү түйүнү да чечилет. Аллах Таала ага таат-ибадат кылууга ийгилик бергенине, сооп-сый жана кечиримди убада кылганына сүйүнп, эртең менен сергек, маанайы жарык абалда ойгонот. А эгер намазга турбаса, маанай жок, жүрөгү кабатырланып, жакшы амалдарды аткарганга жалкоолонуп илең-салаң болуп турат. Анткени, ал шайтандын түйүндөрүнө байланып, Аллахтын ырайымынан оолактап калат.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee